-Уюмдун кызматкерлерин, ошондой эле аларды ишке алууда бардык жаңыдан ишке алынган кызматкерлерди жамааттык келишим, өзүнүн ыйгарым укуктарына кабыл алынган башка локалдуу ченемдик актылар менен тааныштырууга, жамааттык келишимдин мазмунунун жана шарттарынын аткарылышынын маалымдуулугун камсыз кылууга милдеттүү (чогулуштарды, конференцияларды,отчётторду өткөрүү, маалыматтык такталарга жарыялоо ж.б. аркылуу).

**Баштапкы профсоюз комитети:**-Билим берүү мекемесинин натыйжалуу ишине көмөк көрсөтүүгө.

-Кызматкерлер эмгектик укуктарын жана жамааттын мүчөлөрүнүн социалдык-экономикалык таламдарын коргоо маселелеринде эмгек талаштары боюнча комиссияга жана сот органдарына кайрылган учурда, алардын таламдарын билдирүүнү жүзөгө ашырууга.

-Жумуш берүүчү тарабынан кабыл алынган милдеттенмелер аткарылган шартта жамааттык келишим колдонулуп жаткан мезгилде иш таштоолорду уюштуруудан алыс болууга милдеттүү.

**1.6**. Ушул жамааттык келишимдин күчү билим берүү мекемесинин бардык кызматкерлерине жайылтылат.

**1.7**. Жамааттык келишим колдонулган мезгилдин ичинде:

- КР Эмгек кодексинде белгиленген тартипте тараптар өз ара макулдашуунун негизинде ага толуктоолор, өзгөртүүлөр киргизүүгө укуктуу.

-Тараптардын бири дагы өзү кабыл алган милдеттенмелерди аткарууну бир жактуу тартипте токтотууга укуксуз болот.

**1.8.** Жамааттык келишимдин аткарылышына туруктуу иштеген эки тараптуу комиссия, көзөмөлдүк жүргүзөт.Тараптар жамааттык келишимдин аткарылышы жөнүндө эмгек жамаатынын жалпы чогулушунда жылына бир жолу отчёт берет.

## 2. Ишке кабыл алуу

**2.1.** Тараптар төмөндөгүлөр жөнүндө:

Ишке кабыл алуу жумуш берүүчүнүн кызматкер менен түзүлгөн эмгек келишиминин негизинде чыгарылган буйрук менен тастыкталат. Жумуш берүүчүнүн буйругунун мазмуну түзүлгөн эмгек келишиминин шарттарына ылайык келүүгө тийиш. Ишке кабыл алуу жөнүндө жумуш берүүчүнүн буйругу иш башталган күндөн тартып үч күндүк мөөнөттө кол койдуруп алуу менен кызматкерге билдирилет. Кызматкердин талабы боюнча жумуш берүүчү ага аталган буйруктун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

**2.2.** Профсоюз менен жумуш берүүчүнүн өкүлдөрү тарабынан эмгек мыйзамдарынын, эмгек укуктарынын ченемдерин камтыган башка ченемдик-укуктук актылардын сакталышына, алардын жамааттык келишимдин шарттарын аткарылышына коомдук көзөмөлдү жүзөгө ашырат.

## 3. Кызматкердин эмгегине акы төлөө

Тараптар(администрация жана профсоюз): квалификациясына жана кесиптик милдеттенмелери боюнча аткарылган ишине ылайык эмгек акысын жогорулатууга жана материалдык сыйлоого көмөк көрсөтө турган шарттарды түзүүгө.

Кадрлык потенциалды чыңдоо боюнча зарыл чараларды көрүүгө, уюмдун беделин жогорулатууга көмөк көрсөтүүгө милдеттенет.

Кызматкерлердин эмгек акысы КР Өкмөтүнүн токтомуна, кызматкерлердин эмгек акысы жөнүндө Жобого, кызматкерлерге кошумча акыны жана кошумча төлөөнү белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобого, сыйлоо фонду жөнүндө Жобого ылайык белгиленет.

Кызматкерлерге эмгек акы төлөө КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №270 токтомуна ылайык эмгек акы төлөө системасына ылайык жүргүзүлөт.

**3.1**. Мугалимдердин эмгек акысы мугалимдерди тарифтештирүү аркылуу белгиленет, ал:

- Окуу жылынын башталышында аныкталган жүккө негизделген эмгек акыны;